***МААТМУРАТОВ АЛИХАН ИЛЬЯСОВИЧ***
*Ученик 3 класса школы гимназии № 9 им. Н. Кушматова*
*кол-во баллов 17,0 (из 21)*
*II МЕСТО. Группа «Школьники»,*
*Баткенская область, г. Сулюкта*
*2022, Март*

Дилбаян

Тема: “Шахмат оюну – мен үчүн...”

Шахмат болсо бул керемет дүйнө эмесби! Мен шахмат менен 6 жашымда тааныштым. Ошондогу чоң атамдын сөзү ушул күнгө чейин эсимде. Чоң атамдын аты Маатмурат ажы. Чоң атам мындай деген: “Шахматты жөнөкөй адамдар ойной албайт, ошондуктан мыкты шахмат оюунчуларды сыйлай билгин”, деп айткан. Ошондой эле көп ийгиликтериме шахмат оюну себепчи деп айткан. Шахматты оюунун чоң атам үйрөткөн. Шахматка кызыгуум өркүндөй баштады. Чоң атам мага дүйнөнүн чемпиондорун айтып берди. Эң мыктылары жөнүндө айтып берейин.

1. Капабланка. Ал өзүнөн 10 000 000дон ашык партияны эстеп калган.
2. Стейниц. Бул шахматист – шахматты ойлоп тапкан.
3. Алехин. Ал көзүн жумуп 30 немец менен шахмат ойногон жана баарын жеңген.
4. Ласкер. Ал жөнөкөй эле чемпион, бирок аны Торро деген шахматист жеңген.

Ушул сөздөрү эсимде калган. Атам Алехинди жакшы көрөт, ал жөнүндө көп айтып берет. Менин Атым Алихан, анча мынчада мени чоң атам эркелетип Алехин деп чакырып коет. Мен аябай кубанамын. Атакемдин дагы бир сөзү бар. Жашоо бул шахмат деп айтат. Жүргөн ар бир ходуң бул сенин алдыга койгон максатың. Каршылашың бул сенин убакытың. Максатка жетиш үчүн убакытты туура пайдалансаң, тез ойлонсоң жетесиң. Бул сөздөрдүн маанисине чынын айтсам толук түшүнбөймүн. Эсимде биринчи жолу турнирге катышканын мектепте. Анда мен 1-класста болчумун. Ар түрдүү шахмат доскалар, толтура шахматистер. Ал күнү шаарыбызга Бишкектен Милан Турпанов келген. Бизди куттуктап менин колумду кысып, башымды сылап койгон. Шахмат ойноп толтура балдар менен дос болдум. Биздин мектепте да шахмат кружогу бар, ал жерде сабактан кийин барып ойнойбуз. Үйдө эс алуу күндөрү атам шахмат тууралуу кинолорду чогу көрөбүз. Китептерим бар. Жакында мага ата-энем чоң китеп сатып беришти. 5334 тапшырма жана комбинациялар автору Ласло Погар. Окуп, тапшырмаларды аткарып жатам. Келечекте чемпион болом деген оюм бар. Чемпион болуш үчүн көп тердеш керек дейт мугалимдер. Жакында Баткен шаарында чоң турнир болуп өттү. Ал жерде мыкты шахматистерди көрдүм. Бир кыз менен тааныштым атын кийин унутуп калдым. Менден чоң эле экен жашы. Ал баарыбызды жеңип алды. Тез-тез эле жүрөт экен. Ал турнирде 10 жаштар арасында 3-орунду алдым. Мага медаль тагышты да сүрөткө тартышты. Медаль таккан кишини атамдан сурасам. Ал шахматтын президенти деп айтты. Кийинки турнирге азыр даярданып жатам. Шахмат менин эң жакын досум. Чемпион болгум келет келечекте. “Защита каро - кан” мага жагат. Биздин үйдө чоң атам, атам жана эжем шахмат ойнойбуз. Туугандарыбыз келгенде сөзсүз биздин үйдө турнир болот. Баары мени Алехин деп чакырышат.

Бул дилбаянды жазганга атам компьютерде өзү жазды, кичине анча мынча сөздөрдү кошумчалап жардамдашты. Атам мага план түзгөндү үйрөтөт. Жакында дагы бир планды кошуп койдук. Ал мындай: Шаарыбыздын баардык шахматистери менен ойноп чыгуу жана жеңүү. Ошол убакта башка сабактарды да унутпай, өз убагында тапшырмаларды аткарам.

Шахмат оюну мен үчүн – экыл эмгегинин маданиятынын бир элементи.

Маатмуратов Алихан Ильясович

***МААТМУРАТОВ АЛИХАН ИЛЬЯСОВИЧ***
*Ученик 3 класса школы гимназии № 9 им. Н. Кушматова*
*кол-во баллов 17,0 (из 21)*
*II МЕСТО. Группа «Школьники»,*
*Баткенская область, г. Сулюкта*
*2022, Март*

Туулган күнү, жылы: 21.12.2012
Адрес: Баткен областы, Сүлүктү шаары
Н.Кушматов атындагы №9 мектеп-гимназиясы
3 “Б” класс